**М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде гуманитардык усулдук бирикмеде 2020-2021-окуу жылдарында аткарылган иш чараларга**

## Анализ

Мектептин ички планын негизинде өткөн жылдарга усулдук бирикмелердин ишине анализ берилип кийинки жылдарга түзүлгөн пландар такталып бекитилип турду.Ар бир жылы мектепте иштеген мугалимдер усулдук китептер , окуучулар окуу китептер менен камсыз болуп турушту.Бардык мугалимдер райондук август кеңешмесинде алган маалыматтары менен усулдук бирикменин кеңешмесинде бөлүшөт.

Сентябрь,октябрь айларында кыргыз тил жана адабият сабактарынан декадада өтүлдү.2020-жылы 23-сентябрьда “Эне тилим-эне сүтүм “ темасында кыргыз тилинин 31 жылдык маарекеси жогорку деңгээлде өттү.

Сентябрь айында окуучулардын билим деңгээлине жараша жетишүүсү өзгөчө,начар кылып өз предметтери боюнча алышты.Жыл ичи боюнча ушул окуучулар менен иш алып барышат жана жыйынтык чыгарышат.

Октябрь айында жаңы мугалим,жаңы предметтерди 5-класстын окуучулары кандай кабыл алып,өздөштүрүүсүн байкоо максатында алардын билим сапаты текшерилди.5-класстын окуучулары жаңы чөйрөгө көнүүсүнө мугалимдер тарабынан көмөк көрсөтүлүп жатты.

Ар бир айдын башында усулдук бирикмеде чогулуш өтүп турат.Чогулушта мугалимдердин ай ичинде өтүлүүчү иш чараларын талкуулап ,ортодо кимдин кандай көйгөйү,сунуштарын талкуулашат.

Мектепке келген жаш кадрларга насаатчы мугалим тарабынан усулдук сабак бир айда бир жолу өтүлүп көмөк көрсөтүлүп турат.

2020-2021-окуу жылында мурунку эки жылда мектепте болбогон“Мыкты мугалим”,”Мыкты класс жетекчи”,”Мыкты кабинет”,”Мыкты жаш мугалим” конкурстарынын жоболору иштелип чыгарылды.Жыл аягында конкурстун жыйынтыгы чыгып жеңүүчү мугалимдерге сыйлыктар тапшырылды.

5-класстарда кыргыз тили,орус тилинен жазуу дептерлеринин абалы иштери текшерилди.

Ноябрь айында 1- чейректин жыйынтыгы окуучулардын билим сапатынын мониторинги чыгарылды.Мектептин документи менен иш алып барылды.

Ай ичинде география жана тарых сабактарынан декадалар болуп жыйынтыгы чыгарылды.Максаты окуучуларды сабактарга болгон кызыгуусун арттыруу.

Мектеп ичинде өтүлүүчү олимпиадаларды өткөрүү жана көзөмөлдөө болуп жатты.8-класстарда англис тили сабагынан билим сапатын аныктоочу жазуу ишин алынды.

Декабрь айында билим сапаты төмөн көрсөткөн класстардын сабактарына катышуу болду.

Райондук олимпиадаларга катышкан окуучулардын даярдыгын жана катышуусу көзөмөлдөндү.

1-жарым жылдыкта жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы жана усулдук бирикмеде 1-жарым жылдыкта иштелген иштердин жыйынтыгы маалыматталды.

Январь айында айлык пландын негизинде план программалардын аткарылышы каралды.Мугалимдердин жолдоштук сабакка кирүүлөрү жана бири-бирине берген анализдери текшерилди.Бардык мугалимдер 8 сабактан 12 сабака чейин сабакка катышуу, тажрыйба алмашуу максатында болду.

Февраль айында райондук пландын негизинде ай ичи орус тил жана чет тил сабактарынан декадалар болуп өттү. Декадалардын программасына камтылган иш чаралары жогорку деңгээлде өтүлдү. Окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артылып максатына жетти.

Айдын ичинде 5-11-класстар ичинде чет тил,орус тил сабактарынын өтүлүшү көзөмөлдөнүп сунуштар киргизилди.

Жаш мугалимдерге тажрыйбалуу мугалимдер чет тил предметинин мугалими Дерденкулова А.Б.жана орус тил мугалими Абдулдаева А.Т.

ачык сабак өтуп беришти. Насаатчы мугалимдер жаш мугалимдер менен алып барган иштери каралып ,аларга ар тараптуу жардамдар көрсөтүлүп жатты.

Март айында айлык планга коюлган иштердин бири 9-класска орус тили,11-класска орус тили сабактарынын берилиши көзөмөлдөндү. 5-11-класстарда орус тили сабактарынан дептерлери текшерилди. Дептерлердин абалы жакшы деп жыйынтыкталды.

Пландын негизинде март айында класс кабинеттердин жаңы материалдар менен толукталышы коюлган.Жыйынтыгында кабинеттерде жаңылануу болуп окуучуларга жакшы шарт түзүлдү.

Райондук жыл мугалим конкурсуна катышууга мектепте каалоочу мугалим болгон жок.Ошол себептен райондук сынака катышкан жок.

Апрель айында кыргыз тил,орус тил, тарых сабактарынан мамлекеттик сынакка даярдык көрүү максатында машыгуу экзамендери алынды.

Экзамендик материалдарды усулдук бирикмеде талкууланып даярдалды.

Окуучуларга өтүлүүчү консультациянын мөөнөтү жана графиги такталып окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.Консультациялар өз мөөнөтүндө өтүлүп окуучулар активдүүлүк менен катышуу болуп жатты.

Май айында көчүрүү жана бүтүрүү экзамендерге даярданууда мугалимдердин сапаттуу консультация өтүүсүн көзөмөлдөнүп турду.

Айлык пландын негизинде жаш мугалимдер үчүн "Экзамен алуунун эрежелери жана ыкмасы"темасында методикалык жардам көрсөтүлдү.

Гуманитардык усулдук бирикмедеги бир жылдык иштеген иштеринин анализдери берилди.

Июнь айында кыргыз тил ,орус тил, тарых сабактарынан экзамендердин өтүлүшү көзөмөлдөнүп, ийгиликтүү аяктады.

Усулдук бирикме кеңешмесинде кийинки жылдын жылдык планын

талкуулап,сунуштар кабыл алынды.

Г.У.Б.Ж. Тулекулова Б.Т.